**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIII кезексиз сессиясы**

# Т О К Т О М

2026-жылдын 16-марты №193 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын XI кезектеги сессиясынын 2026-жылдын 4-февралындагы №161 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын 21.01.2026-ж №03-06/176 сандуу катынын негизинде жана Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын 2026-жылдын 12-мартындагы №01-7-784 сандуу катынын негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышындагы XIII кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын XI кезектеги сессиясынын 2026-жылдын 4-февралындагы №161 токтомуна өзгөртүү киргизилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кара-Коо, Кызыл-Туу, Бар-Булак, Дөң-Талаа, Ала-Баш, Комсомол, Көл-Төр, Коңур-Өлөң, Тогуз-Булак айылдарына тиешелүү болгон муниципалдык менчиктеги 1-2 ирээттеги ички чарбалык ирригациялык каналдар, БСР, БДР скважиналар Тоң райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Д. Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**